**ТалМУнун студенттеринин сурамжылоонун жыйынтыгы**
**"Университет студенттердин көзү менен"**

Студенттердин сурамжылоосунун максаты ТалМУда көрсөтүлүп жаткан билим берүү кызматтарынан канааттануу деңгээлин изилдөө, ошондой эле студенттер менен профессордук-окутуучулар курамдын жана университеттин администрациясынын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн натыйжалуулугун баалоо болуп саналат. Студенттерге 10 суроого жооп берүү менен университеттин социалдык жана билим берүү чөйрөсүнө баа берүү сунушталды. Жалпысынан сурамжылоого 333 студент катышкан.


**1.** Сурамжылоого катышкандардын арасында көбүнчө студент кыздар - 285, ал эми сурамжылоону толтурган эркек студенттер – 48ди түздү. Башкача айтканда студент кыздар – 85,6%ды, ал эми эркек студенттер – 14,4 (1-сүрөт).




**2.** Сурамжылоодон өткөн студенттердин курстар боюнча сандык бөлүштүрүлүшү: биринчи курс – 61 студент (18,3%), экинчи курс - 91 студент (27,3%), үчүнчү курс - 83 студент (24,9%), төртүнчү курс - 98 студент - (29,4%). Диаграммада көрүнүп тургандай сурамжылоого катышкан курстардагы студенттердин эң көп бөлүгү 4-курстун студенттери болгон.




**3.** ТалМУнун иштелип чыккан Миссиясы жана өнүгүү стратегиясы барбы деген суроого сурамжылоого катышкан студенттердин 59,5% ооба деп жооп беришсе, ТалМУнун миссиясы жана стратегиясы иштелип чыккан жок деп студенттердин 7,5%, ал эми 33% ТалМУнун миссиясы жана стратегиясы жөнүндө билбейм деп жооп беришкен.




**4.** Администрация (ректор, проректорлор) студенттер менен окуу жайдын өнүгүү пландары жана башка маанилүү башкаруу маселелери боюнча дайыма жолугушууларды өткөрүп турабы деген суроого сурамжылоону толтурган көпчүлүк студенттер 64% ооба деп жооп беришти, 25,5% ооба, бирок кээде гана студенттердин айрым топтору менен өткөрүлөт деп жооп берсе, 8,4% абдан сейрек жана формалдуу өтөт ал эми 2,1% жолугушуулар өтпөйт деп жооп беришкен.




**5.** Университетте билим берүүнүн сапатын баалоо боюнча студенттер арасында сурамжылоо жүргүзүлөбү деген суроого студенттердин 59,8% сурамжылоо үзгүлтүксүз жүргүзүлүп турат деп жооп беришти, 18,6% сурамжылоо жүргүзүлүп турат, бирок кээде гана өткөрүлөт, 10,2% сурамжылоолор болбойт деп, ал эми 11,4% билбейм деп жооп беришкен.




**6.** Сиздердин университетте студенттердин катышуусунда коомдук жана маданий иш-чаралар тез-тез өтүп турабы: бул суроого 92,8% мындай иш-чаралар байма-бай өткөрүлүп турат деп, 2,7% мындай иш-чаралар өткөрүлбөйт деп, 4,5% билбейм деп жооп беришкен.




**7.** ТалМУнун чет мамлекеттер менен өнөктөштүгү жана эл аралык программаларга жана долбоорлорго катышуусу тууралуу: Сурамжылоого катышкандардын 70,6% ТалМУ жигердүү кызматташып, эл аралык долбоорлорго катышат, 10,2% ТалМУ эл аралык өнөктөштөр менен начар иштешет жана 19,2% эл аралык кызматташуу тууралуу билишпегендигин көрсөтүшкөн.




**8.** ТалМУнун эл аралык бөлүмүнүн натыйжалуулугу боюнча: студенттердин 64,6% болуп жаткан программалар жана иш-чаралар тууралуу такай маалымат алып тураарын, 19,5% иш-чаралар жана программалар тууралуу маалымат алышпайт, ал эми 15,9% бул тууралуу билбейм деп жооп беришкен.




**9.** Сиздин университетиңизде студенттер мугалимдерди баалоону жүргүзөбү деген суроого сурамжылоого катышкан студенттердин 52,3% ооба деп, б.а. окутуунун сапатын баалоо үчүн студенттерден дайыма сурамжылоо жүргүзүлүп турат деп жооп беришти, ал эми 30,6% ооба бирок кээде гана өткөрүлөт деп жооп берсе, 17,1% жок деп жооп беришкен.




**10.** Университетибиздин материалдык базасы сизди канчалык канааттандырат? Китепканада керектүү илимий адабияттардын болушу деген суроого 46,8% толук канааттандырат деп жооп беришти, 35,7% жарым-жартылай канааттандырат деп, Университеттин МТБнын 8,1% канааттандырбайт, ал эми 9,3% жооп бере албайм деп жооп беришкен.




Студенттердин университеттин окуу процессинин уюштурулушуна, окуу процессине, түзүлгөн шарттарга, ошондой эле окуу процессинин материалдык-техникалык жактан камсыз болушуна канааттануусун сурамжылоо боюнча жалпысынан сурамжылоого катышкан студенттердин басымдуу бөлүгү канааттанганын көрсөттү. Бирок ошол эле учурда университетте сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча университетте окуу процессин мындан ары жакшыртуу боюнча чараларды көрүү зарыл.

**ТалМУнун бүтүрүүчүлөрүн даярдоонун сапатына иш берүүчүлөдүн канааттануусун баалоо үчүн сурамжылоонун анализи**

ТалМУ мекеме-уюмдардын жетекчилеринин арасында сурамжылоо жүргүзүп, биздин бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатына иш берүүчүнүн канааттануусун аныктоо максатында жүргүзүлгөн. Себеби ар бир иш брүүчүлөрдүн пикири ТалМУнун бүтүрүүчүлөрүн даярдоонун сапатын жогорулатууга жардам берет жана бааланат. Сурамжылоо 2022-жылдын февраль жүргүзүлүп, ага 33 иш берүүчү катышкан.

Баалоо шкаласы: 5 - суроого же билдирүүгө эң жогорку оң баа, 4 - жакшы баа, 3 - иштин жарымында аткарылган, 2 - канааттандырарлык, бирок дайыма эмес, 1 - канааттандырарлык эмес, 0 - жооп берүү кыйын.

**1.** ТалМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн теориялык жана практикалык билим деңгээли бизди канааттандырат деген сурамжылоого иш берүүчүлөрдүн 54,5%ы эң жогорку деңгээлде канааттандырат деп жооп берген, 42,4%ы канааттандырат деп жооп берген ал эми 3,1%ы жарым жартылай канааттандырат деп жооп берген.

**2.** ТалМУнун студенттери практика учурунда мекемеде өздөрүн иш жүзүндө көрсөтүшү боюнча иш берүүчүлөрдүн 57,6%ы жакшы деп баа берсе, 42,4 %ы жогорку деңгээлде деп баа берген.

**3.** ТалМУнун бүтүрүүчүлөрүн даярдоонун сапатын жалпысынан кандай баалайсыз деген суроого 54,5%ы жакшы, ал эми 45,5%ы эң жакшы деп жооп берген.

**4.** ТалМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн коммуникалдуу жөндөмү тууралуу 42,4%ы жогорку деңгээлде, 51,5%ы жакшы, 6,1 % ы жарым жартылай канааттандырат деп жооп берген.

**5.** ТалМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн заманбап ыкмаларды жана компьютердик технологияларды өздөштүрүү деңгээли сизди канааттандырабы деген суроого: 39,4% - жогорку деңгээлде; 54,5% - жакшы; 6,1% - жарым жартылай деп жооп беришкен.

**6.** ТалМУнун бүтүрүүчүлөрү адистик билими ээ экендигине 45,5%ы жогорку баа, 45,5% жакшы баа берген, ал эми 10% жарым жартылай деп жооп беришкен.

**7.** Биздин мекеме ТалМУ менен өз ара аракеттенүүсү абдан натыйжалуу:
42,4% - жогорку деңгээлде; 57,6 % - жакшы деңгээлде деп жооп беришкен.

**8.** ТалМУнун бүтүрүүчүлөрү педагогикалык ишмердүүлүккө сапаттуу даярдалган деген сурамжылоого иш берүүчүлөрдүн 57,6%ы жогорку деңгээлде деп жооп берсе, 42,4%ы жакшы деп жооп беришкен.

**9.** ТалМУ сиздердин мекеме менен көптөн бери байланышы барбы деген сурамжылоодо дээрлик бөлүгү б.а. 93, 9%ы ооба деп жооп беришкен.

**10.** Сиз ТалМУ менен кызматташууну улантууга жана сунуш кылууга даярсызбы деген суроого 97%ы кызматташууну даяр экенин билдиришкен.

**11.** ТалМУну облустагы иштөөгө керектүү болгон профилдеги адистер үчүн методикалык борбор десек болот деген сурамжылоого дагы 97%ы ооба деп жооп беришкен.

**12.** Сиздин мекеме ТалМУнун бүтүрүүчүлөрүн бүгүнкү күндө жана келечекте жумушка алуу көрсөткүчү төмөндөгүдөй көрсөткүчтү көрсөттү: 72,4% - эң жогорку баада; 24,2 - жакшы баада; 3% - жарым жартылай.

**13.** Сиз ТалМУнун бүтүрүүчүлөрүн башка иш берүүчүлөргө сунуштайт белеңиз деген суроого иш берүүчүлөрдүн 97% ы ооба деп жооп беришкен.

**14.** ТалМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн билими башка окуу жайларга (атаандаштарга) караганда жакшыраак деген сурамжылоого: 42,4% - э ң жакшы; 48,5% - жакшы; 9,1% - жарым жартылай жакшы деп жооп беришкен.

Иш берүүчүлөр арасында жүргүзүлгөн сурамжылоо жалпысынан иш берүүчүлөр ТалМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн теориялык билимдеринин жана практикалык компетенцияларынын деңгээлине жетиштүү деңгээлде канааттангандыгын жана мындан аркы кызматташууга кызыктар экендигин көрсөттү.

Ошол эле келечекте иш берүүчүлөрдүн пикирин жана каалоолорун эске алуу зарыл, атап айтканда: адистик жаатындагы практикалык сабактар үчүн сааттарды көбөйтүү; атайын предметтер боюнча теориялык окууну жана компьютердик программалар менен иштөө көндүмдөрүн күчөтүү; ар тараптуу өнүгүү, замандын талабына ылайык келген кретивдүү жаш адистерди даярдоо; кээ бир мектептерде физика жана химия мугалимдеринин жетишпегендиктерин эске алуу;  өтүлүп жаткан практикалардын жетекчилери ишканалардагы практикаларынын жетекчилери менен бирдикте практика учурунда студенттердин профессионалдык даярдыгын максималдуу жогорулатуулары зарыл. Ошондой эле университетибиздин студенттери менен келечекте кызматташууга даяр иш берүүчүлөр менен өндүрүштүк практикадан өтүү боюнча келишимдерди түзүү боюнча иштерди жүргүзүү зарыл.

## ТалМУнун бүтүрүүчүлөрү үчүн анкетанын анализи

Бүтүрүүчүлөрдүн сурамжылоосунун максаты ТалМУда көрсөтүлүп жаткан билим берүү кызматтарынан канааттануу деңгээлин изилдөө, ошондой эле бүтүрүүчүлөр менен ЖОЖдун окутуучулары менен университеттин администрациясынын өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжалуулугун баалоо болуп саналат. Бүтүрүүчүлөргө 20 суроого жооп берүү менен университеттин социалдык жана билим берүү чөйрөсүн баалоо сунушталды. чейин жана студенттерге. Жалпысынан сурамжылоого 55 бүтүрүүчү катышкан.

Баалоо шкаласы негизинен 0дон 5ке чейинки баа менен (5 - суроого же билдирүүгө эң жогорку оң баа, 4 - жакшы баа, 3-жарымында аткарылган, 2-канааттандырарлык, бирок дайыма эмес, 1-канааттандырарлык эмес, 0-жооп берүү кыйын) жана өз пикирин билдирүүгө мүмкүндүк берген ачык жооп формасы берилген.

Сурамжылоого катышкандардын көбү педагогика адистигиндеги студенттер болгон.

1. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптештери менен кыргыз жана орус тилдеринде жазуу жана оозеки баарлашууга жөндөмдүүлүгү боюнча: 56,4% - жогорку деңгээлде; 36,4% - жакшы деңгээлде; 3,6% - жарым жартылай; 1,8% -канааттандырарлык жана 1,8% - канааттандырарлык эмес днп жооп беришкен.
2. Компьютерде өз алдынча иштей аласызбы деген суроого көпчүлүк бөлүгү б.а. 61,8%ы эң жогорку деңгээлде, 30,9%ы жакшы, ал эми 7,3%ы орто деңгээлде билерин көрсөтүшкөн.
3. Кесиптик ишмердүүлүгүңүздө көйгөйлүү маселелер болсо, ал маселени чечүү үчүн тиешелүү адис менен сүйлөшө аласызбы деген сурамжылоого 56,4%ы кесиптик ишмердүүлүктөгү көйгөйлүү маселелерди жогорку деңгээлде чечерин, 10,9%ы жарым жартылай жана 1,8%ы чече албай турганын билдиришкен.
4. Факултетте адистерди даярдоо сапатына берген баа төмөндөгүдөй көрсөткүчтү көрсөткөн: 83,5% - жакшы, ал эми 16,4% - канааттандырарлык.
5. ТалМУда окуу процессинде билим берүү кызматтарынын жалпы сапатын кандай баалайсыз (окуу-методикалык камсыздоо, окутуучулар өткөргөн лекциялардын сапаты, практикалык сабактар, лабораториялык иштер жана башка окуу сабактарынын түрлөрү) деген сурамжылоодо 52,7%ы билим берүү кызматтарынын жалпы сапатын жогорку деңгээлде, 29,1%ы жакшы, 14,5% орто, ал эми 3,6%ы канааттандырарлык деп баалашкан.
6. Бүтүрүүчүлөр өздөштүргөн билим берүү программасынын мазмунунун (окуу багыттары, адистиктер) эмгек рыногунун заманбап талаптарына шайкештигин төмөнкүчө баалашкан: 80% -алган билимдери заманбап талаптарга шайкеш келерин; 34,5% - жарым жартылай; 3,6% - канааттандырарлык; 1,8% - канааттандырарлык эмес.
7. ТалМУдагы баалоо системасы жөнүндө кандай ойдосуз деген суроого сурамжылоого катышкандардын 72,7% окутуунун натыйжаларын баалоо системасы эффективдүү, 21,8% окутуунун натыйжаларын баалоо системасы толук эффективдүү эмес ал окуучунун билиминин реалдуу деңгээлин чагылдырбайт, ал эми 5.5% окутуу натыйжаларын баалоо системасы таптакыр эффективдүү эмес: мугалимдер баалоо ыкмаларын жана упайларын түшүнүксүз негизде аныкташат.
8. Кесиптик билим берүү тармагындагы өздөрүнүн компетенттүүлүгүн жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн төмөндөгүдөй баалашкан:

47,3% - жогорку деңгээлде; 45,5% - жакшы; 7,3% - канааттандырарлык.

9. Заманбап маалыматтык технологияларды практикада колдонууну өздөштүрүүдө бүтүрүүчүлөрдүн 89,1% заманбап маалыматтык технологияны практикада натыйжалуу колдоноорун белгилешкен, 10,9% канааттандырарлык деңгээлде деп баа беришкен.
10. Эгерде биздин бүтүрүүчү кандайдыр бир ишкананын жетекчиси болсо, ТалМУ менен илимий-өндүрүштүк жана биргелешкен билим берүү ишмердүүлүгү жаатында кызматташуу боюнча сурамжылоонун 90 %ы ТалМУ менен билим берүү ишмердүүлүгүндө жана илимий-өндүрүштүк жаатында кызматташууга даяр экендигин, 7,2% канааттандырарлык деңгээлде кызматташууга, ал эми 1,8% жооп берүү кыйын экенин билдиришкен.
11. Ар кандай кырдаалды алдын ала билип, ишкердүүлүк менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөндү билем деген сурамжылоого бүтүрүүчүлөрдүн 52,7%ы жогорку деңгээлде кырдаалды алдын ала тургандыгын билдирген, 40%ы сурамжылоого жакшы деп баалашкан, ал эми 7,3%ы канааттандырарлык деп жооп беришкен.
12. Университет мени жоопкерчиликтүү чечимдерди кабыл алууга үйрөттү деген сурамжылоого: 63,6% - эң жогорку деңгээлде; 25,5% - жоопкерчиликтүү чечимдерди кабыл алууга жакшы деген баа берсе; 5,5% - канааттандырарлык; 3,6% - канааттандырарлык эмес, 1,8% - жооп берүү кыйын деп жооп беришкен.
13. Бүтүрүүчүлөр адистиги боюнча жумушту табуу боюнча төмөндөгүдөй жооп беришкен: 83,7% - адистиги боюнча жумушту оңой эле табышкан; 7,3% - адистик боюнча жумушту канааттандырарлык деңгээлде табышса; 10% - адистик боюнча иштебей тургандыгын билдиришкен.


Бутурүүчүлөрдүн арасында жүргүзүлгөн сурамжылоодо ТалМУнун билим берүү программасын жана окуу процессин жакшыртуу боюнча бүтүрүүчүлөрдүн төмөндөгүдөй сунуштарын жана каалоолорун эске алуу зарыл, атап айтканда: МКТ жана программалык камсыздоону киргизүүнү күчөтүү; IT боюнча программалоо курстарын киргизүү; адистик боюнча лекциялык сааттарды кыскартып, практикалык сабактар үчүн сааттарды көбөйтүү; башталгыч класс адистигине орус группалар дагы болуусу; тренингдерди, дебат, ар кандай иш-чараларды өткөрүү; материалдык базаны жакшыртуу; ЖОЖдор ортосунда дагы кызматташуу, стажировка, тажрыйба алмашуу; конкурстарды жакшы уюуштуруу таза таразалоо, маалыматтарды баардык студенттерге өз убагында бирдей түшүнүктүү жакшы жетишин, сыйлыктарды татыктуу студенттер алышын көзөмөлдөө. Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча айтылган пикирлерди эске алуу менен университетте көрсөтүлүп жаткан билим берүү кызматтарынан канааттануу деңгээлин жана окуу процессин мындан ары жакшыртуу боюнча чараларды көрүү зарыл.

***ТалМУнун студенттеринин ата-энелеринен алынган сурамжылоонун жыйынтыгы***


Сурамжылоонун максаты ТалМУнун билим берүү ишмердүүлүгүнүн төмөнкү аспектилерине канааттануу деңгээлин баалоо максатында ТалМУда окуу процессин уюштуруунун сапатына изилдөө болуп саналат.

Студенттердин ата-энелерине берилген суроолорго жооп берип, өздөрүнүн пикирин билдирүүгө мүмкүнчүлүк берүү менен кафедранын социалдык жана билим берүү чөйрөсүнө баа берүү сунушталды. Сурамжылоого жалпысынан 53 адам катышкан.

1. Балаңызды ТалМУга тапшыруусун ким чечти деген сурамжылоого ата – энелердин 30,2%ы баланын (студенттин) чечими экенин, 3,8%ы ата-эненин чечими, ал эми 66%ы ата-эненин менен баланын биргелешкен чечими экенин билдиришкен.





2. Студенттин ТалМУга кандай себептер менен тапшырганы төмөндөгүдөй көрсөткүчтү көргөздү: 54,7% - жакшы билим алуу мүмкүнчүлүгү; 13,2% - престиждүү кесип алуу мүмкүнчүлүгү; 26,4% - үйгө жакын жерден билим алуу; 5,7% - ТалМУ Талас өрөөнүндө эң престиждүү окуу жай.



3. Балаңыздын чыгармачылык өнүгүүсүнө болгон канааттануу даражаңызды баалаңыз: (предметтик ийримдерге, окуу ишине катышуу) деген сурамжылоого ата-энелердин 11,3%ы канааттандырарлык эмес, 20,8%ы канааттандырарлык, 50,9%ы жакшы, 15,1%ы жогорку деңгээлде катышат, ал эми 1,9%ы жооп берүү кыйын деп баа беришкен.





4. Ата – энелердин балдарынын спорттук секцияларга катышуу боюнча берген баасы: 7,5% - канааттандырарлык эмес; 15,1% - канааттандырарлык; 60,4% - жакшы; 13,2% - эң жакшы; 3,8% - жооп берүү кыйын.





5. Сиздин балаңыздын ТалМУнун маданий жана спорттук иш-чараларына катышуу мүмкүнчүлүгү деген суроого сурамжылоого катышкандардын 20,8%ы маданий жана спорттук иш-чараларына катышуусуна жогорку деңгээлде канааттандырганын, 58,5%ы толук канааттандырат деп жооп беришти, сурамжылоого катышкандардын 15,1%ы канааттанбаганга караганда көбүрөөк канааттанам деп жооп беришти, 1,9%ы алар канааттандырбайт деп, ал эми 3,8%ы жооп берүү кыйын деп жооп беришти.





6. ТалМУнун окуу-тарбия иштери боюнча ата-энелердин биринчи курстун студенттеринин студенттик турмушка адаптациялоо процессин уюштуруу боюнча төмөндөгүдөй баа беришкен: 79,3% - жогорку деңгээлде; 18,9% - канааттандырарлык; 1,9% - жооп берүү кыйын.





7. Окутуунун сапаты, мугалимдердин кесипкөйлүк деңгээли деген суроого ата – энелердин 41,5%ы окутуунун сапатын жогорку деңгээлде канааттандырат, 51%ы толук канааттандырат, ал эми 7,5%ы канааттанбаганга караганда көбүрөөк канааттанабыз деп жооп беришкен.





8. ТалМУнун билим берүү ишмердүүлүгүндө студенттердин билимин баалоо сапатына ата-энелердин берген баасы: 24,5% - жогорку деңгээлде; 64,2% - жакшы; 11,3% - канааттандырарлык.





9. Ата – энелердин расписаниенин сапатын баалоо деген сурамжылоого катышкандардын 79,2%ы толук канааттанабыз деп жооп беришкен, сурамжылоого катышкандардын 17%ы жарым жартылай канааттанабыз, 1,9% алар канааттандырбайт, 1,9%ы жооп берүү кыйын деп жооп беришти.




10. ТалМУнун китепканасын китептер менен камсыз болушу деген сурамжылоого катышкандардын 5,7%ы китепкананын китептер менен камсыз болушу жогорку деңгээлде, 54,7%ы толук канааттандырат, 22,6%ы канааттанбаганга караганда канааттанам деп жооп беришти, 13,2%ы канааттандырбайт, 3,8%ы жооп берүү кыйын деп жооп беришкен.




11. Студенттердин ата-энелери менен администрациянын (ректор, проректор, кафедра башчылары ж.б.) «кайтарым байланышынын» сапатын баалоо боюнча ата-энелердин берген баасы: 79,3% - ата-энелер менен администрациянын байланышын жогорку деңгээлде, ал эми 20,7% - канааттандырарлык деп жооп беришкен.




12. Эгерде сиздин балаңыз окуу процессинде көйгөйгө туш болсо, сиз кимге жардамга кайрылууну туура көрөсүз деген суроого сурамжылоого катышкандар төмөндөгүдөй жооп беришкен: 5,7% - кафедра башчысына; 9,4% - факультеттин деканына; 7,5% - окуу иштери боюнча проректорго; 35,8% - кураторуна; 35,8% - көйгөйдү өзүм чечем; 5,7% - жооп берүү кыйын.


Эгерде сиздин балаңыз окуу процессинде көйгөйгө туш болсо, сиз кимге жардамга кайрылууну туура көрөсүз
5,70%
5,70%
9,40%
7,50%
35,80%
35,80%
кафедра башчысына
факультеттин деканына
окуу иштери боюнча проректорго
кураторго
көйгөйду өзүм чечем